КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
АК -ТАЛАА РАЙОНУ
БАЕТОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БАЕТОВСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин VII-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз III-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**28-август 2023-жыл, №3-6** **Баетов айылы**

**Баетов айыл өкмөтүнүн укук бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссия тууралуу убактылуу ЖОБОну бекитүү жөнүндө**

Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап, депутаттардын Баетов айылдык кеңешинин III-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Баетов айыл өкмөтүнүн укук бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссия тууралуу убактылуу жобосу бекитилсин.
2. Баетов айыл өкмөтүнүн укук бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиясынын курамына төмөндөгү Баетов айылдык кеңешинин депутаттары Букараева Токтобүбү Нуракуновна, Оруналиева Зейрегүл Сагынбаевна, Кудашов Алымкул Кожалиевич сунушталсын.
3. Баетов айыл өкмөтүнүн укук бузуулар боюнча иштерди кароо комиссиясына кабыл алынган токтомдун негизинде мыйзамдын талаптарын сактоо менен иш жүргүзүү жагы жүктөлсүн.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Нарын облустук Юстиция башкармалыгына реестрге киргизүү жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы У.Жээнбековага милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.
6. Ушул токтом Баетов айыл өкмөтүнүн www.baetov-aa.gov.kg расмий сайтында жарыялангандан тартып күчүнө кирет.

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**

Жиберилди: Баетов айыл өкмөтүнө, иш кагазына